**Компаньон Банкынын кардарлары жана Элкарт+ картасынын ээлери үчүн акция**
**“Элкарт + Компаньон = Белектер!”**

| | | |
|---|---|---|
| **АКЦИЯНЫ ӨТКӨРҮҮ ШАРТТАРЫ** | | |
| 1 | **Акциянын уюштуруучусу** | «Компаньон Банкы» ЖАК (кийинкиде Банк) |
| 2 | **Акцияны өткөрүү мөөнөтү жана этаптары** | Акциянын башталыш мөөнөтү: **1-октябрь 2025-ж.**<br>Акциянын аяктоо мөөнөтү: **31-декабрь 2025-ж. (кошо эсептелет)**<br>**Этаптар**<br>**Аралык этаптар:**<br>1-этап: 01.10.2025-ж. - 31.10.2025-ж.<br>2-этап: 01.11.2025-ж. - 30.11.2025-ж.<br>3-этап: 01.12.2025-ж. - 31.12.2025-ж.<br>**Финалдык этап:**<br>Акциянын бүткүл мөөнөтү боюнча - 01.10.2025-ж. баштап 31.12.2025-ж. чейин жыйынтык чыгарылат |
| 3 | **Акциянын түрү** | Акция стимул берүүчү лотерея болуп эсептелинбейт. Акциянын жеңүүчүсүн аныктоодо кокустук принциби (жеңүүчүнү аныктоодо кокустук принцибин колдонуу алгоритми) четке кагылган. |
| 4 | **Акциянын катышуучулары** | Акцияга 16 жашка толгон, Банктын кардары болгон, акция маалында Элкарт+ картасын ачкан жеке жактар - КР резиденти жана резидент эмес жактары катыша алат.<br><br>Акцияга Компаньон Банкынын кызматкерлери, алардын жакын туугандары (жубайлары, балдары, асырап алуучулар, асырап алынгандар, толук жана жарым бир туугандар, чоң ата, чоң эне, неберелер) катыша алышпайт. |
| **КАТЫШУУ ЖАНА ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРДҮ АНЫКТОО ШАРТТАРЫ** | | |
| 5 | **Акцияга катыша алган карталардын түрлөрү** | Акция учурунда Компаньон Банкы чыгарган физикалык жана виртуалдык Элкарт+ карталары:<br>1. энчилүү;<br>2. дароо берилген энчилүү эмес;<br>3. виртуалдык. |
| 6 | **Акциянын шарттары** | • Акцияга катышуу үчүн Компаньон Банкы чыгарган Элкарт+ картасынын ээси болуу керек. Ошондой эле Акция учурунда Элкарт+ картасы/картанын QR-коду менен “Компаньон” тиркемеси аркылуу соода жана кызмат көрсөтүү жайларында, Элкарт Pay аркылуу интернетте төлөм жүргүзүү керек.<br><br>• Акцияга Компаньон Банкы чыгарган Элкарт+ карталарынын ээлери, кеминде 200 (эки жүз) сомго карта же картанын QR-коду менен “Компаньон” тиркемеси аркылуу төлөм жүргүзгөн учурда катыша алат.<br><br>**Көңүл буруңуз:**<br>*Акциянын бардык шарттарын аткарган катышуучу аралык этапта 1 (бир) эле жолу жеңүүчү боло алат. Бирок финалдык дагы этаптын жеңүүчүсү болушу мүмкүн.*<br>*Акцияга жалаң гана Элкарт+ картасы менен/картанын QR-коду аркылуу, ошондой эле Элкарт Pay менен төлөнгөн Интернеттеги сатып алуулар жана төлөмдөр катыша алат.*<br>*ЭСККЕРТҮҮ: Акча которуулар (жеке жак экинчи жеке жакка QR-код аркылуу/карта аркылуу акча которуу жөнөтөт) эсептелинбейт жана Акцияга катыша алышпайт.* |

<table>
<tr><td></td><td></td><td>Акция учурундагы өнүм/кызмат үчүн Элкарт+ картасы/"Компаньон" тиркемеси аркылуу картанын QR-коду менен жүргүзүлгөн төлөмдөр КР Салык кызматы менен таанылган юридикалык жактар/жеке ишкердин эсебине жүргүзүлүшү керек.</td></tr>
<tr><td>7</td><td>Жеңүүчүлөрдү аныктоо тартиби жана критерийлер</td><td>7.1. Жеңүүчүлөр ар бир этаптын жыйынтыгы боюнча аныкталат.<br>Байгелүү орундар төмөнкү негизги категориялар боюнча аныкталат:<br><ul><li>Акция учурунда Элкарт+ картасы менен/"Компаньон" мобилдик тиркемесиндеги картанын QR-коду аркылуу жүргүзүлгөн ар бир миңинчи  төлөм 1 000 (бир миң) сом байге алат.</li><li>Акциянын ар бир 3 аралык этабы боюнча 3 (үч) жеңүүчү аныкталат. Алар Элкарт+ картасы менен/"Компаньон" тиркемесиндеги картанын QR-коду аркылуу эң көп сандагы төлөм жүргүзгөн кардарлары болуп келет.</li><li>Кардар 3 аралык этаптын 1 (биринде) гана жеңүүчү болот алат, бирок финалдык этаптын дагы жеңүүчүсү дагы боло алат.</li><li>Акциянын жыйынтыгы боюнча 3 (үч) жеңүүчү аныкталат. Алар Акция учурунда эң чоң суммага төлөм жүргүзгөн кардарлар болуп келет.</li><li>Жеңүүчүлөрдү аныктоодо төлөмдөрдүн көлөмү бирдей болгон учурда, жеңүүчү болуп төлөмдөрдүн саны эң көп болгон кардар табылат.</li></ul>7.2. Эгерде шек туудурган, алдамчылыкка байланышкан же мыйзамсыз операциялар аныкталса, Банк мындай которууларды жана/же катышуучуну Акциядан четтетүүгө укуктуу.</td></tr>
<tr><td>8</td><td>Байге фонду жана байгелүү орундар</td><td>Аралык этаптардын жеңүүчүсү болуп 3 (үч) кардар табылат. Алар Акция маалында эң көп төлөмдү (транзакция) жүргүзгөн кардарлар болуп келет. Алар төмөнкү байгелерге ээ болушат:<br><table><tr><th>Орун</th><th>Байге</th></tr><tr><td>1</td><td>Xiaomi Mi Pad планшети</td></tr><tr><td>2</td><td>Redmi Note 14 смартфон</td></tr><tr><td>3</td><td>Фитнес билерик</td></tr></table>Финалдык этаптын жеңүүчүсү болуп Акция учурунда жалпы эң көп суммага төлөм жүргүзгөн кардарлар саналат. Алар төмөнкү байгелерге ээ болушат:<br><table><tr><th>Орун</th><th>Байге</th></tr><tr><td>1</td><td>Вьетнамга эки кишилик саякат (Фукуок аралы)</td></tr><tr><td>2</td><td>iPhone 16 PRO Max</td></tr><tr><td>3</td><td>Гейминг станция</td></tr></table><br>Акция учурунда Элкарт+ картасы менен/"Компаньон" тиркемеси аркылуу картанын QR-коду менен жүргүзүлгөн ар бир 1 000-төлөм кардарга 1 000 (бир миң) сом байге алып келет.<br><br>Байгелерди алууга байланыштуу салыктын бардыгын Акциянын Уюштуруучусу өз көзөмөлүнө алат.</td></tr>
<tr><td>9</td><td>Акциянын жыйынтыгын өткөрүү мөөнөтү</td><td>Акциянын башталыш мөөнөтү: 1-октябрь 2025-ж.<br>Акциянын аяктоо мөөнөтү: 31-декабрь 2025-ж. (кошо эсептелет)<br>Этаптар<br>Аралык этаптар:<br>1-этап: 01.10.2025-ж. - 31.10.2025-ж.<br>2-этап: 01.11.2025-ж. - 30.11.2025-ж.</td></tr>
</table>

| | | |
|---|---|---|
| | | 3-этап: 01.12.2025-ж. - 31.12.2025-ж.<br>**Финалдык этап:**<br>Акциянын бүткүл мөөнөтү боюнча - 01.10.2025-ж. баштап 31.12.2025-ж. чейин жыйынтык чыгарылат |
| **АКЦИЯНЫН ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРҮН МААЛЫМДОО ЖАНА СЫЙЛОО ТАРТИБИ** | | |
| **10** | **Акциянын жеңүүчүлөрүн сыйлоо** | 10.1. Акциянын жеңүүчүлөрүн сыйлоо Акциянын жыйынтыгы Банктын www.kompanion.kg расмий сайтында чыгарылгандан кийин 10 (он) күндүн ичинде өтөт.<br><br>Акциянын жеңүүчүсүнө белектин ордуна белектин баасына татыган акча берилиши мүмкүн эмес. Белектер башка мүлккө жана кызматка алмаштырылбайт.<br><br>Эгерде Акциянын жеңүүчүсү сыйлоо аземине катыша албаса, Акциянын жыйынтыгы жарыяланган убактан тарта 30 күндүн ичинде белегин Банктын филиалынан же сберкассадан алып кете алат.<br><br>Эгер Акциянын жеңүүчүсү 30 күндүн ичинде Банктын филиалына же сберкассага кайрылбаса, анда Акциядан четтетилет жана андан кийинки турган катышуучу Акциянын жеңүүчүсү болуп табылат.<br><br>10.2. Акча каражаттары Акциянын расмий сыйлоо аземинен кийин 5 (беш) күндүн ичинде жеңүүчүлөрдүн карталарына чегерилет. Жеңүүчүлөрдүн Элкарт+ карталары акча чегерүү күнүнө активдүү иштеши керек. Эгер карта активдүү эмес болсо, жеңүүчүгө Акция жыйынтыкталгандан кийин 30 (отуз) күндүн ичинде байгесин алып кетүү үчүн Банкка кайрылуу керек.<br><br>Байгелер расмий сыйлоо аземинде тапшырылат. Финалдык этаптын байгелери акчалай түрдө берилбейт. |
| **11** | **Акциянын жыйынтыгы жөнүндө катышуучуларды маалымдоо** | 11.1. Банк жеңүүчүлөргө Акциянын жыйынтыктары жөнүндө, байгени тапшыруу аземинин күнү жана орду жөнүндө, акча которууну кабыл алуу/жөнөтүү учурунда кардардын Банктын маалыматына киргизилген байланыш телефону боюнча жыйынтыктар расмий жарыялангандан кийин 5 (беш) жумушчу күндүн ичинде түздөн-түз маалымдайт.<br><br>11.2. Акциянын жеңүүчүлөрүнүн тизмеси Акциянын жыйынтыгы чыгарылгандан кийин 5 (беш) иш күндүн ичинде «Компаньон Банкы» ЖАКынын www.kompanion.kg расмий сайтында жарыяланат.<br><br>11.3. Акциянын катышуучусу Банкка так маалымат берүү (аты-жөнү, телефон номери, жашаган жери ж.б.) жоопкерчилигин өзүнө алат.<br><br>11.4. Акциянын жыйынтыгы/этаптарынын жыйынтыгы жарыяланган күндөн тартып 10 (он) календардык күндүн ичинде көрсөтүлгөн байланыш маалымат аркылуу катышуучу менен байланышууга мүмкүн эмес болсо, ал жеңүүчүлөрдүн тизмесинен чыгарылат. Мындай учурда жеңүүчү болуп сыйлыкка татыктуу болуп тизмеде кийинки орунду ээлеген катышуучу эсептелет.<br><br>11.5. Байгелер жеңүүчүнүн жарактуу паспорту бар болгон учурда гана берилет (Кыргыз Республикасынын жаранынын паспорту же чет элдик жарандын паспорту). |
| **АКЦИЯНЫ ӨТКӨРҮҮ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ ТАРАТУУ** | | |
| **12** | **Каналдар** | Акциянын шарттары, жыйынтыктары, жарыялары, жарнамалык материалдар төмөнкү каналдар аркылуу жарыяланат: |

| | | |
|---|---|---|
| | | • Банктын расмий веб-сайты www.kompanion.kg;<br>• Банктын социалдык тармактардагы расмий интернет-аккаунттары (Facebook, Instagram);<br>• Маалыматтык-көңүл ачуу интернет-сайттары жана Банктын өнөктөштөрүнүн сайттары жана алардын социалдык тармактардагы интернет-аккаунттары;<br>• Башка бардык маалымат каражаттары.<br><br>**Суроолор боюнча Кардарларды колдоо кызматынын номерлерине кайрылса болот: 0312 33 88 00, 88 00.** |
| **13** | **Акция жөнүндө макалалар** | Акцияга катышкан кардарлар алар утушка ээ болгон учурда, Банкка Банктын расмий сайтында, социалдык тармактарда жана Интернеттеги башка булактарда, жалпыга маалымдоо каражаттарында төмөнкү маалыматтарды жарыялоого укук беришет: Кардардын толук аты-жөнү, байгенин орду, суммасы жана/же байгенин түрү, сүрөтү. |